| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА<br>ХАН-ТЕНИРИ |
|---|---|---|

Хан-Тенири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 1-чакырылышынын кезектеги 12- сессиясы

# Т О К Т О М

**2025-жылдын 17-ноябрь** **№ 83** **Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан-Теңири айыл аймагындагы Ак-Булуң айылына караштуу Сарке-Ата сугат суу каналын Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Хан-Теңири айыл аймагындагы Ак-Булуң айылынын үстү жагындагы Сарке-Ата сугат суу каналын Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановдун билдирүүсүн угуп жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Мыйзамынын 27,28,29-беренелерине негиздеп жергиликтүү кенеш **токтом кылат :**

1. Хан-Теңири айыл аймагындагы Ак-Булуң айылынын үстү жагындагы Сарке-Ата сугат суу каналын Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Сарке-Ата сугат суу каналын Ак-Суу райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүү боюнча тиешелүү иш жүргүзүү айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго милдеттендирилсин.
3. Токтом ММКга жарыялансын жана басылып чыккан күнү юстиция органына Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жер, айыл чарбасы, жайыт, курулуш, архитектура жана экология боюнча туруктуу комиссияга жана токтомду аткарууга алуу айыл өкмөтүнүн башчысы С.Баракановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Узаков**